# Боёктун сыры



Автор: Венера Турдумамбетова
Сүрөтчү: Мавлян Канжарбек уулу

# Боёктун сыры

Автор: Венера Турдумамбетова
Сүрөтчү: Мавлян Канжарбек уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Боёктун сыры» (кыргыз тилинде), автор Венера Турдумамбетова,
сүрөтчү Мавлян Канжарбек уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Нуржандын ата-энеси жаңы үйгө көчүп келишти. Алардын үйү үчүнчү кабатта эле. Нуржан сүрөт тартканды жакшы көрчү. Боёктор менен иштөөгө да кызыгып жүрдү. Анын кызыгуусун байкаган ата-эне Нуржанга белек берүүнү ойлонушту. Бир күнү:

– Кызым, кутунун ичинде эмне бар деп ойлойсуң? – деди апасы.


– Билбейм, – деп Нуржан кутучаны кызыгып карап калды.

Атасы кутучаны ачканда, ичиндеги белекти көрүп Нуржан аябай сүйүнүп кетти.

– Ата, апа, менин кыялымдагыны кантип билип койдуңар?  – деди ал кубанычын жашырбай.

Кутунун ичинде палитра, мольберт, түстүү боёктор, кылкалемдер бар эле. Нуржан эми бош убактысынын баарын сүрөт тартуу менен өткөрө баштады. Тарткан сүрөттөрүн терезеге коюп койчу.





Бир күнү бөлмөнү желдетүү үчүн терезелерди ачып койгон. Жел менен кошо сүрөттөр сапырылып, каалгып учуп короого түшүп жатты.

– Бакыт, сүрөттөрдү карасаң, – деди Касиет жерде жаткан барактардын бирин алып.

– Ой-ууй, сонун го!

– Күн желесинин кооздугун карасаңар, – деди Сагын.



Сагын терип келген барактарда мышык, элик, тоо, күндүн сүрөттөрү да бар эле.

– Таң калыштуу нерсе. Бул сүрөттөр кимдики болду экен? – деди Бакыт.

– Асмандан түштү го.

Балдар өйдө жакты карап, таң калып турушту.

Сүрөттөр көпкө чейин колдон колго өтүп жатты. Жакшы тартылган сүрөттөргө ар бири суктанышты.



Алар үчүн ушундай сонун сүрөттөрдү ким тартканы табышмак болду. Кайсы кабаттан, кайсы терезеден түштү деп да ойлонуп жатышты.

– Таптым! Таптым!

Балдар Кыялды карап калышты. Ал идеясы менен бөлүштү. Балдар көпкө чейин бир нерсени кызуу талкуулап, үйгө тарабай жатышты.



Эртеси балдар ата-энелери менен короодон чогулушту. Балдар аянтчасын шарлар, желекчелер менен коздошту. Ал эми сүрөттөрдү Кыялдын атасы жасап берген тактага илип коюшту. Ары-бери өткөн жашоочулар сүрөттөрдү суктанып карап жатышты.

– Урматтуу, биздин үйдүн жашоочулары! Сүрөттөрдү ким тартканын билүү үчүн ушул көргөзмөнү уюштурдук, – деди Касиет.




Көргөзмөгө келгендер «ким болду экен?» дегенсип, бири-бирин карап калышты.

– Чын эле, абдан сонун тартылыптыр.

– Ким болду экен?

– Ким тартса да, кыйын сүрөтчү экен, – деген күбүр-шыбыр үндөр угулуп жатты.



Аңгыча көп кабаттуу үйлөрдүн биринен, ата-энесинин коштоосунда Нуржан күлмүңдөп чыга келди. Балдар буга чейин бул кызды көрүшкөн эмес. Алар таң калып карап калышты.

– Бул менин сүрөттөрүм. Терезеге коюп койгом. Учуп кеткен окшойт. Таппай калгам, – деди Нуржан.

– Сен да бул жерде жашайсыңбы?

Короодогу балдар Нуржанды эмне себептен көрбөгөндөрүн түшүнүштү.

– Ушунун баарын сен өзүң тарттыңбы? – деп сурады Бакыт таң кала.

– Сүрөттөрүң баарыбызга абдан жакты, – деди Касиет суктанганын жашырбай.

– Ким тартканын билбей койгондуктан, көргөзмөнү «Боёктордун сыры» деп атадык.



Баары сүрөттөрдүн ээси табылганына кубанышып, кол чаап жиберишти.

Балдар Нуржанды тегеректеп сүйлөшүп жатышты. Аңгыча атасы кызынын дагы башка сүрөттөрүн үйдөн алып чыгып берди. Алар сүрөттөрдү көрүп жатканда:

– Балдар, Сагынды карасаңар, – деп Касиет каткырып күлүп жиберди.



Сагын Нуржандын балдактарына жаныбарлардын сүрөттөрүн тартып коюптур.

– Ай-ий! Сагын, сен деле сүрөттү жакшы тартат турбайсыңбы. Балдактарым аябай кооз болуп калыптыр, – деп Нуржан жылмая карады. Балдар ага кошулуп, Сагындын жоругуна күлүп жатышты.

Кызын достору тегеректеп турганын көргөн Нуржандын ата-энесинин кубанычында чек жок эле…

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Венера Турдумамбетова
Сүрөтчү: Мавлян Канжарбек уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли